КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ,
КАРА-СУУ РАЙОНУ
КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

# КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (СЕГИЗИНЧИ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКСИЗ XXIX СЕССИЯСЫНЫН
# **Т О К Т О МУ**

22-август 2024 – жыл № 29/1 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясынын 2024-жылдын 20-августундагы №18 протоколдук чечими жөнүндө**

Кара-Суу шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясынын 2024-жылдын 20-августундагы №18 протоколдук чечимин жана шаар мэриясынын 2024-жылдын 20-августундагы 01-13/1722 сандуу катын угуп жана талкуулап шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясынын 2024-жылдын 20-августундагы №18 протоколдук чечими төмөндөгүдөй толуктоолор жана кошумчалар менен бекитилсин.

2. 2024-жылдын 19-августуна карата 1 380,8 миң сом акча каражаты төмөндөгү иштер үчүн каржылоого уруксат берилсин:

- Кара-Суу шаарындагы “Кара-Суу-автожол” көзөмөлдөп өткөрүү пункттунан өтүп жаткан жарандарга шарт түзүү максатында керектелүүчү жабдыктар менен камсыз кылууга – 1000,0 миң сом;
- Юбилейный кичи шаарчасындагы суюк таштандыларды төгүүчү жайдын үстүн жабуу жана оңдоп түзөө иштерине - 380 800 сом.

3. Шаардык кеңештин 2024-жылдын 1-августундагы №28/7 токтомунун негизинде Ак-Өргө айылына аткарылуучу иштердеин үнөм эсебинен Киров жана Ак-Өргө айылдары үчүн мүрзөнүн айланасын тосууга сметага ылайык келтирүүгө 481 582 сом акча каражаты ажыратылып берилсин.

4. 2024-жылдын 9 айлыгына өткөрүлгөн жалпы тендерлерден үнөм эсебинен жана жергиликтүү бюджетке келип түшүүчү кошумча кирешелердин эсебинен:

-Манас стадионун реконструкциялоого кошумча 10 000,0 миң сом;

-134 мектебинин спорт аянтчасына кошумча 1 293,3 миң сом;

- №66 В.И.Ленин орто мектебинин айланасын тосууга жана жылытуу системасын оңдоп түзөөгө сметанын негизинде;
- №17 Х.Турсунов мектебинин балдардын тамактануусу үчүн контейнерди оңдоп түзөөгө жана музыкалык аппаратура алууга -260,0 миң сом;
- Шаар мэриясынын имаратын оңдоп-түздөө жана алдына брусчатка басууга сметанын негизинде;
- Тельман 2 айылынын А.Арзыматов көчөсүнө таза суу түтүктөрүн тартуу иштерине;
- №3 Мээрим мектепке чейинки билим берүү мекемесинин канализация тутумун жаңылоо иштерине сметанын негизинде.

5. Тельман айылы үчүн каралган каржаттан Тельман айылындагы Байсанур маркетинен баштап 450 метр аралыкка шебень төшөө жана трубаларын жаңылоо иштерине 200,0 миң сом акча каражаты ажыратылып берилсин.

6. Бул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **З.К.Эшмаматов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ,
КАРА-СУУ РАЙОНУ
КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (СЕГИЗИНЧИ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКСИЗ XXIX СЕССИЯСЫНЫН
**Т О К Т О М У**

22-август 2024 – жыл № 29/2 Кара-Суу шаары

**“Присавай айылындагы кампаны муниципалдык менчикке өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө”**

Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы “Агрардык чарба жүргүзүү муниципалдык ишканасынын” сунушун угуп чыгып жана талкуулап шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаарынын Присавай айылындагы кампаны муниципалдык менчикке өткөрүүгө макулдук берилсин.

2. Тишелүү иш кагаздарын даярдап берүү жагы Кара-Суу шаарынын шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан жана “Кадастр” мамлекеттик мекемесинин Кара-Суу филиалынан суралсын.

2. Бул токтомду мыйзам чегинде аткаруу “Агрардык чарба жүргүзүү муниципалдык ишканасы” менен биргеликте шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык кеңешинин төрагасы** **З.К.Эшмаматов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (СЕГИЗИНЧИ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКСИЗ XXIX СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

22-август 2024 – жыл № 29/3 Кара-Суу шаары

**“Кара-Суу шаарынын жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планы жөнүндө”**

Административдик-аймактык реформанын алкагында түзүлгөн Кара-Суу шаарынын “Агрардык чарба жүргүзүүчү муниципалдык ишканасынын” Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын карап чыгып жана талкуулап шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Административдик-аймактык реформанын алкагында түзүлгөн Кара-Суу шаарынын “Агрардык чарба жүргүзүүчү муниципалдык ишканасынын” Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча 2024-2029-жылдарга планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык кеңешинин төрагасы** **З.К.Эшмаматов**

Кара-Суу шаардык
кеңешинин
2024-жылдын "_22_" _08__
№_29/3__ токтомуна
№1 тиркеме

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ, ОШ ОБЛУСУ**

**КАРА-СУУ ШААРЫНА КАРАШТУУ "АГРАРДЫК ЧАРБА ЖУРГУЗУУЧУ МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАСЫНЫН ЖАЙЫТ ПАЙДАЛАНУУЧУЛАР БИРИКМЕСИ**

# ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ЖАМААТТЫН ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ПЛАНЫ

**2024-2028-ЖЫЛДАРГА КАРАТА**

**Кара-Суу шаары**

**2024-жыл.**

**МАЗМУНУ**

1. **КИРИШҮҮ** .................................................................................................. 4
2. **ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ** ................................................................................ 4
 *2.1. Географиялык орду, климаты, айылдары жана калкы* ........................ 4
 *2.2. Жер ресурстары* ................................................................................... 5
 *2.3. Жайыт пайдалануучулар бирикмеси (ЖПБ) жөнүндө кыскача маалымат* ................................................................................................ 6
 *2.4. Кара-Суу шаары боюнча жайыттардын кыскача мүнөздөмөсү жана инфраструктурасы* ................................................................................ 8
 2.5. *Жайыт карталары*...................................,..............................................9
3. **МАЛДАРДЫН САНЫ, АЛАРДЫН ЖАЙЫТКА ЖАНА ДАЯРДАЛУУЧУ ТОЮТТАРГА БОЛГОН МУКТАЖДЫГЫ** ................... 10
 *3.1. Быйылкы жылга шарттуу малдын башы* ............................................ 10
 *3.2. 2024-2028-жылдарга карата болжолдуу шарттуу малдын башы.* 10
 *3.3. Быйылкы жылга жайыт жана даярдалуучу тоюттарга муктаждык11*
4. **БЫЙЫЛКЫ ЖЫЛГА КАРАТА ЖАЙЫТ ЖАНА ДАЯРДАЛУУЧУ ТОЮТТАРДЫН КӨЛӨМҮ ЖАНА ТОЮТ БАЛАНСЫ** ............................ *11*
 *4.1. Жайыттардагы жана мал жайылуучу участоктордогу тоюттун көлөмү* ................................................................................................... *11*
 *4.2. Даярдалуучу тоюттун көлөмү*....... *Ошибка! Закладка не определена.*
 *4.3. Тоют балансы* ...................................................................................... *11*
5. **КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮН ЭСКЕ АЛУУ МЕНЕН ЖАЙЫТТАРДЫН АБАЛЫН БААЛОО ЖАНА АЙЛАНА-ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО, ЖПБ МУКТАЖДЫКТАРЫ** ............................................................ 12
6. **2024-2028-ЖЫЛДАРГА КАРАТА ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ЖАМААТТЫН ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ПЛАНЫ**.............................Ошибка! Закладка не определена.
 *6.1. 2024 – 2028-жылдарга жайыттарды пайдалануу планы* ..... *Ошибка! Закладка не определена.*
 *6.2. Беш жылдык иш-чаралардын планы жана бюджети*......................... *18*

**6.3.*ЖПБ/ЖКнын беш жылга карата келечектүү пландын бюджети.*** *Ошибка! Закладка не определена.*

***6.4. Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча беш жылдык планы......................*** *Ошибка! Закладка не определена.*

**7.КАРА-СУУ ШААРЫНЫН "2024-2028-ЖЫЛДАРГА ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУНУН ЖАМААТТЫК ПЛАНЫН ИШКЕ АШЫРУУДАН КУТУЛУУЧУ НАТЫЙЖАЛАР. ........................................................*50***

## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| АЧЖМИ | Кара-Суу шаарынын Агрардык чарба жургузуучу муниципалдык ишканасы |
| КӨЖЫ | Климаттын өзгөрүүлөрүнө жараша ыңгайлашуу |
| ВБ | Дүйнөлүк банк |
| ВП | Ветеринардыкпалата |
| МДСТ | Малдардын ден соолугун коргоо тобу |
| ЖД | АЧТММ Жайыт, мал чарба жана балык чарба департаменти |
| ЖК ЖПБ | Жайыт комитети – ЖПБнын аткаруучу органы катары |
| БМ | Бодо мал |
| МБ | Мониторинг жана баалоо |
| ЖАМБЖ | Жайыттарга мониторинг жана баалоо жургузуу |
| ЖӨБ | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| ЖЖ | Жергиликтүү жамаат |
| АЧТММ | КР Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги |
| ЧДТ | Чакан долбоордук тобу |
| ЧДС | Чакан долбоордук сунуш |
| КЭ | Кой-эчки |
| АӨЭФ | Айыл чарбаны өнүктүрүүнүн эл аралык фонду |
| ВФКМИРБ | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын райондук башкармалыгы |
| РАӨБ | Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы |
| ЖӨБО | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары |
| АДИБ | АЧТММга караштуу Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү |
| ЖПБ | Жайыт пайдалануучулар бирикмеси |
| МДК | Малдардын ден-соолугун коргоо |
| МРӨД | Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү долбоору |
| ЖБПЖП | Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планы |
| ЖУП | Жасалма уруктандыруу пункту |
| МДКП | Малдардын ден-соолугун коргоо планы |
| КЗ | Кургак зат |
| ШМБ | Шарттуу малдын башы |
| ЖВА | Жеке ветеринардык адис |

## 1. КИРИШҮҮ

Кара-Суу шаарынын Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин (ЖПБ) Жайыт комитети тарабынан иштелип чыккан Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планы (ЖБПЖП) Кара-Суу шаардык Мэриясы жана шаардык кенеши менен макулдашылып, бекитилген.

Кыргыз Республикасынын жайыттар боюнча колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына ылайык, ЖБПЖП жергиликтүү кеңештин сессиясында да каралып чыгып, бекитилген жана Жайыт комитети менен жайыттарды башка максаттарга пайдалануу боюнча тийиштүү келишимдерди түзгөн бардык жайыт билетин алуучулар жана башка физикалык жана юридикалык жактар тарабынан аткарылышы милдеттүү түрдө талап кылынат.

Пландын биринчи бөлүгүндө Кара-Суу шаарынын географиялык жайгашышы, табигый-климаттык шарттары, калктуу конуштары (айылдары) жана калкы, жер ресурстары жөнүндө жалпы маалымат берилген.

Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу, малдардын ден соолугун коргоо жана жайыттарды башкарууну жана пайдаланууну жакшыртуу жана мал чарбасын өнүктүрүү жаатындагы жергиликтүү потенциалды күчөтүү боюнча беш жылдык жана жылдык пландар ЖБПЖПнын негизги бөлүгү болуп саналат.

Документтин жыйынтыктоочу бөлүгүндө ЖБПЖПнын жүзөгө ашырылышына жана жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүү жана баа берүү боюнча план чагылдырылган.

Ушул ЖБПЖП, бугунку кундогу климаттын озгоруусун эске алуу менен, келечектеги орто мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү көрүнүштө жалпысынан жайыттарды башкарууну жана пайдаланууну, малдардын ден соолугун коргоону жана малды тоюттандырууну жакшыртуу аркылуу мал чарбачылыгын өнүктүрүүдө жергиликтүү калктын кирешелерин көбөйтүүгө багытталган.

## 2. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

### *2.1. Географиялык орду, климаты, айылдары жана калкы*

Кара-Суу шаары Кара-Суу районунун Ала-Тоо, Жоош, Савай айыл аймактары менен, ал эми жайыты боюнча Кызыл-Суу, Жаны-Арык, Катта-Талдык, Савай, Шарк ААнын жайыттары менен да чектешет. Ошондой эле Кара-Суу шаары Озбек республикасынын Коргон-Тобо району менен да чектешет.

Кара-Суу шаарынын климаты негизинен континенталдуу климаттарга кирет. Июнь айындагы абанын орточо температурасы 25-30°С, август айында30-40°С. Эң суук күндөр январь айына туш келет - 5°С тен - 25°С ке чейин. Өтө ысык аба ырайы июль айында күтүлөт.

Борбордук чарбак дениз денгээлинен 827 метр бийиктикте жайгашкан.

***Калктын жана түтүндөрдүн саны тууралуу маалымат***

***1-таблица***

| № | Айылдардын аталышы | калктын саны | кожолук саны | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кара-Суу шаарынын калкы | | | |
| 2 | Киров | 8459 | 1287 | |
| | | | | |
| 3 | Тельман | 5249 | 1095 | |
| | Эркин | | | |
| 4 | Конурат | 1660 | 400 | |
| 5 | Присавай | 647 | 94 | |
| 6 | Ак-Орго | 2023 | 472 | |
| 7 | Миялы | 517 | 97 | |
| | **Жалпы:** | **22270** | **4227** | |

***Шаар тургундарынын негизги киреше булактары***

***2-таблица***

| **Иш чөйрөсү** | **2024 –ж.** |
|---|---|
| Мал чарбачылык | 8 |
| Дыйканчылык | 12 |
| Кызмат көрсөтүү чөйрөсү (соода, ж.б.) | 80 |
| **БАРДЫГЫ:** | **100%** |

## 2.2. *Жер ресурстары*

Карасу "Агрардык чарба жургузуучу муниципалдык ишканасынын" ЖПБсында жайыт аянттарынын олчому жалпысынан (Алай районундагы УДП жайыттарын кошкондо) – 7226,5 гектар. Жайыттар негизинен жаз, жай жана куз мезгилдеринде пайдаланылат. Жайыт участокторунун саны УДП жайыттарын кошкондо -7.

Агрардык чарба жургузуучу муниципалдык ишканасынын Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин карамагындагы жайыттарда учурда томондогудой инфраструктура объектилери иштейт: 8 даана мал суу ичуучу курулмалар, 1 даана селотмок, 97 км узундуктагы жайыт жолдору. Ошондой эле ЖПБнин пайдалануусунда 2 даана атайын техника(анын 1 даанасы Карасу шаардык тазалык ишканасына откорулуп берилди жана 1 даана чоп тангактоочу жабдуу бар.

## 2.3. *Жайыт пайдалануучулар бирикмеси (ЖПБ) жөнүндө кыскача маалымат*

Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" мыйзамы кабыл алынгандан кийин, Сарайайылаймагында жайыт пайдалануучулардын демилгеси менен жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык,аткаруу органы – жайыт комитети, ал эми Жайыт пайдалануучулар бирикмеси - Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы катары катталган.

***4-таблица***

| | |
|---|---|
| **Юридикалык дареги:** | Ош облусу, Кара-Суу району, Сарай АА,<br>Киров айылы, Мамашев кочосу. |
| **Эсептешүү эсеби:** | Карасу шаары, Ленин кочосу-50. ААК Кыргызстан коммерциялык банкынын Кара-Суудагы филиалы.<br>БИК:103027. МФО:330601528<br>Эсептешүү эсеби: 1032720000046422<br>ОКПО 22476967 |
| **Жеке идентификациялык номери:** | 02511200910094 |

| | |
|---|---|
| **Мамлекеттик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк:** | Сарай ЖПБ 25.11.2009-жылы юридикалык жак катары каттоодон откон. 108959– 3306– У-е, Серия ГР № 0060125, |
| **Башкаруу структурасы:** | ➢ Жогорку башкаруу органы – ЖПБ мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу<br>➢ Текшерүү-көзөмөлдөө органы – Текшерүү комиссиясы<br>➢ Аткаруучу орган – Жайыт Комитети. |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин ортосундагы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу жөнүндө **келишим (№ жана күнү) же** Жергиликтүү кеңештин жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарын Жайыт пайдалануучуларга өткөрүп берүү жөнүндө протоколу (№ жана күнү) | 2-январь 2018-жылдагы келишим. |
| **2024-жылда жайыт билеттерин алган жайыт пайдалануучулардын тизмеси** | Жайыт билети бар жайыт пайдалануучулардын саны –17 адам (Тизме 1-тиркемеде берилген) |

***ЖПБнын жетекчилери жана жоопттуу адамдары:***

***5-таблица***

| № | Аты-жөнү | Мекеме | Кызмат орду | Электронд ук почта | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Зульпукаро | Агрардык | Агрардык чарба | | 0778- |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | в Гаипназар | чарба жургузуучу муниципалдык ишканасы | жургузуучу муниципалдык ишканасынын адиси, ЖПБнын торагасы | | 265755 |
| | Жарасулов Мусулманкул | ветврач | Жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүүгө жана баа берүүгө жооптуу адам | | 0990-070714 |
| | Мамиев Абдимажит | Жайыт пайдалануучу | Жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүү тобунун мучосу | | 0770-692253 |
| | Разаков Тариэл | Агрардык чарба жургузуучу муниципалдык ишканасынын башчысы | Жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүү тобунун мүчөсү | | 0550-155086 |

## 2.4. *Кара-Суу шаары боюнча жайыттардын кыскача мүнөздөмөсү жана инфраструктурасы*

***6-таблица***

| Чон жайыттын аталышы | № | Участоктун аталышы | Жайыт тиби (1-карта) | Участоктордун аянты, га | | | | Пайдалануу мезгили (1-карта) | Инфраструктура (2-карта) | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | пайдаланылган жайыттардын бардыгы | пайдаланылбаган жайыттар | мал жайууга мүмкүн болгон жерлер* | жалпы аянты | | жолдор | көпүрөлөр | мал сугаруучу жайлар | башка, яма беккери, раскол, техника |
| | | | | | | | | | км | даана | даана | |
| Присавай | 1 | Присавай | Талаа | 30 | 0 | | 30 | Жаз, кыш | 10 | 0 | 0 | 0 |
| | Жалпысы | | | 30 | 0 | | 30 | | | | | |
| Кызыл-Кол | 2 | Кызыл-Кол | Шалбаа-Талаа | 1106 | 0 | | 1 106 | Жаз, куз | 10 | 0 | 3 | 2 даана атайын техника шаймандары менен |
| | Жалпысы | | | 1106 | 0 | | 1 106 | | | | | |
| Нижний Алчалы | 3 | Нижний Алчалы | | 417,5 | 0 | | 417, 5 | Жаз, куз | 10 | | 1 | 0 |
| | Жалпысы | | | 417,5 | 0 | | 417, 5 | | | | | |
| Миялы | 4 | Миялы | Талаа | 1089 | 0 | | 1 089 | Жаз, куз | 5 | 1 | 4 | 0 |
| | Жалпысы | | | 1089 | 0 | | 1 089 | | | | | |
| Ийри-Суу | 5 | Ийри-Суу | шалбаа-талаа | 1 130 | 0 | | 1 130 | жай | 12 | | | 0 |
| Кара-Киндик | 6 | Кара-Киндик | шалбаа-талаа | 5 382 | 0 | | 5 382 | жай | 46 | | | 0 |
| Тогуз-Булак (УДП Алай) | 7 | Тогуз-Булак (УДП Алай) | шалбаа | 714 | 0 | | 714 | жай | 4 | | | 0 |
| | | Жалпысы | | 7 226 | 0 | | 7 226 | | | | | |
| Жайыттардын Баарысы: | | | | 9 869 | | | 9 869 | | | | | |
| Айыл ичиндеги мал жаюуга мүмкүн болгон айдоо аянттары | | | айдоо аянттары | | | 2 210 | 2 210 | куз | | | | |
| | | Жалпысы: | | 0 | | | 2 210 | | | | | |
| | | Баарысы: | | 9869 | | 2210 | 12 079 | | 97 | 1 селе отвод | 8 | 2 |

***Мал жайууга мүмкүн болгон айыл чарба айдоо аянттары*** *– Буларга сугат жана кайракы айдоо жерлер, кысыр*

**Маалымдама**

Малды жайытка жайууу жана аларды короодо кармоо мезгили боюнча жайыттар жана мал жайылуучу участоктор төмөнкү мезгилдерге бөлүнөт:

| *№* | *Жыл мезгили* | *Жайытка жайуу/кармоо мезгили* | *Күн* | *Эскертүү* |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаз | 15.04.-30.05. | 45 | Жаз мезгилинен күз мезгилине чейин мал жайыттарда жана мал жайылуучу участоктордо жайылат. Малды жайытка жайуунун жалпы узактыгы 224 күндү түзөт. |
| 2 | Жай | 31.05.-01.09. | 94 | |
| 3 | Күз | 02.09.-25.11. | 85 | |

# 3. МАЛДАРДЫН САНЫ,АЛАРДЫН ЖАЙЫТКА ЖАНА ДАЯРДАЛУУЧУ ТОЮТТАРГА БОЛГОН МУКТАЖДЫГЫ

## *3.1. Быйылкы жылга шарттуу малдын башы*

2024-жылдын 1- январына карата Кара-Суу шаарына караштуу Агрардык чарба жургузуучу муниципалдык ишканасынын Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин (ЖПБсы) тейлеген аймакта эсептелип чыккан малдын башы (ШМБ) 8161ни түзгөн (7-таблица). Малдын бир нече түрү багылат, жана алардын ар бир түрүнө карата күн сайын жана ай сайын канча КЗ керектелери эсептелген. Кара-Суу шаарынын жашоочуларынын копчулугу Кара-Суу шаарындагы Орто Азиядагы эн чон базар болгон “Туратали” базарында соода-сатык жана кызмат корсотуу багытында эмгектенишет. Ал эми шаардан алыс турган айылдарда мал кармалып, негизинен сүт жана эт өндурулот.

***2024-жылга карата малдын башы жана түрүнө жараша тоюттун керектелиши***

*7-таблица*

| Тоюттарга негизги муктаждык 1 ШМБ =300 кг (Сарай А/А 1 уй = 1,0 ШМБ, жылкы = 1,0 ШМБ) | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Малдардын түрү | Саны | Коэффициент* | ШМБ эквиваленти | Суткалык керектөө, кг | Кургак затка муктаждык |
| | | C | D | E=C*D | F | G=E*F |
| 1 | Ири мүйүздүү мал | 3 174 | 1,0 | 3 174 | 7,5 | 23 805 |
| 2 | Торпоктор (1 жашка чейин) | 2 115 | 0,7 | 1 481 | 7,5 | 11 104 |
| 3 | Кой-эчкилер | 15 305 | 0,2 | 3 061 | 7,5 | 22 958 |
| 4 | Жылкылар | 304 | 1,0 | 304 | 7,5 | 2 280 |
| 5 | Тайлар (1 жашка чейин) | 202 | 0,7 | 141 | 7,5 | 1 061 |
| **Бардыгы:** | | **21 100** | | **8 161** | **7,5** | **61 207** |
| **Кургак заттын жылдык керектелиши** | | | | | | **22340 464** |

***Коэффициент***–*Малдардын тирүүлөй салмагын аныктоо Кыргыз Республикасынын Окмотунун 2009-жылдын 4-ноябрындагы №386 токтомуна ылайык белгиленди.*

### *3.2. 2024-2028-жылдарга карата болжолдуу шарттуу малдын башы*

№8 таблицада айыл чарба багытындагы малдардын өсүшү 2024-2028-жылдардагы малдын ар кандай түрү боюнча өсүү динамикасынын негизинде алынган маалыматтар.

***8-таблица***

| № | Малдардын түрү | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | C | D | E | F | G |
| 1 | Ири мүйүздүү мал | 3 174 | 3 713 | 4 344 | 5 082 | 5 894 |
| 2 | Торпоктор (1 жашка чейин) | 2 115 | 2 475 | 2 895 | 3 387 | 3 877 |
| 3 | Кой-эчкилер | 15 305 | 16 085 | 16 889 | 17 733 | 18 619 |
| 4 | Жылкылар | 304 | 345 | 389 | 441 | 501 |
| 5 | Тайлар (1 жашка чейин) | 202 | 252 | 311 | 388 | 485 |
| **Жалпы:** | | **21 100** | **22 870** | **24 828** | **27 031** | **29 376** |
| **Бардыгы ШМБ менен** | | **8 161** | **9 184** | **10 355** | **11 712** | **13 172** |

*8-таблицаны чычкандын оң баскычын басып, "Объект лист – открыть" деген аракетти жасоо менен ушул таблицанын ылдый жагынан 2024-2028-жылдардагы малдын жалпы санынын өсүү динамикасын көрө аласыздар*

## 4. БЫЙЫЛКЫ ЖЫЛГА КАРАТА ЖАЙЫТ ЖАНА ДАЯРДАЛУУЧУ ТОЮТТАРДЫН КӨЛӨМҮ ЖАНА ТОЮТ БАЛАНСЫ

### *4.1. Жайыттардагы жана мал жайылуучу участоктордогу тоюттун көлөмү*

***2024-жылга жайыттардын жана мал жайылуучу участоктордун мезгил боюнча түшүмдүүлүгү жана сыйымдуулугу*** ЖПБнин 2023-жылдагы жайыттардын мониторингинин жыйынтыгы боюнча маалыматтан, ошондой

эле тоюттардын тушумдуулугу боюнча райондук статистика комитетинен алынган маалыматтардын негизинде иштелип чыкты.

***10-таблица***

| № | Жайыт жана мал жайылуучу участоктордун аталышы | Участоктордун жалпы аянты (га) | Жайыт | | | Мал жайылуучу | | | Кургак заттын жалпы дүң түшүмдүүлүгү, кг | Жайыттан оттолуучу тоют, КЗ/кг (Оттоо коэф-ти 50%) | Мезгилдерге карата жайыт сыйымдуулугу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | аянты | Кургак заттын түшүмдүүлүгү, | Дүң түшүмдүүлүк, кургак зат кг | аянты | Кургак заттын түшүмдүүлүгү, | Дүң түшүмдүүлүк, кургак зат кг | | | |
| | | C=D+G | D | E | F=D*E | G | H | I=G*H | J=F+I | K=J*0,5 | L=K/(7,5*жыл мезгили) |
| **Жаз, малды жайытка жайуу мөөнөтү 45 күн** | | | | | | | | | | | |
| 1 | Присавай | 30 | 30 | 500 | 15 000 | | | | 15 000 | 7 500 | 22 |
| 2 | Кызыл-Кол | 1 106 | 1 106 | 520 | 575 120 | | | | 575 120 | 287 560 | 852 |
| 3 | Нижний Алчалы | 418 | 418 | 520 | 217 360 | | | | 217 360 | 108 680 | 322 |
| 4 | Миялы | 1 089 | 1 089 | 480 | 522 720 | | | | 522 720 | 261 360 | 774 |
| **Жалпысы:** | | **2 643** | **2 643** | **499** | **1330 200** | **0** | **0** | **0** | **1330 200** | **665 100** | **1 971** |
| **Жай, малды жайытка жайуу мөөнөтү 94 күн** | | | | | | | | | | | |
| 1 | Ийри-Суу | 1 130 | 1 130 | 700 | 791 000 | | | | 791 000 | 395 500 | 561 |
| 2 | Кара-Киндик | 5 382 | 5 382 | 750 | 4036 500 | | | | 4036 500 | 2018 250 | 2 863 |
| 3 | Тогуз-Булак (УДП Алай) | 714 | 714 | 750 | 535 500 | | | | 535 500 | 267 750 | 380 |
| **Жалпысы:** | | **7 226** | **7 226** | **733** | **5363 000** | **0** | **0** | **0** | **5363 000** | **2681 500** | **3 804** |
| **Күз, малды жайытка жайуу мөөнөтү 85 күн** | | | | | | | | | | | |
| 1 | Кызыл-Кол | 1 106 | 1 106 | 420 | 464 520 | | | | 464 520 | 232 260 | 364 |
| 2 | Нижний Алчалы | 418 | 418 | 420 | 175 560 | | | | 175 560 | 87 780 | 138 |
| 3 | Миялы | 1 089 | 1 089 | 380 | 413 820 | | | | 413 820 | 206 910 | 325 |
| 4 | Айдоо аянттары | 2 210 | | | | 2 210 | 500 | 1105 000 | 1105 000 | 552 500 | 867 |
| **Жалпысы:** | | **4 823** | **2 613** | **393** | **1053 900** | **2 210** | **500** | **1105 000** | **2158 900** | **1079 450** | **1 670** |
| **Кыш, малды жайытка жайуу мөөнөтү 141 күн** | | | | | | | | | | | |
| 1 | Присавай | 30 | 30 | 250 | 7 500 | | | | 7 500 | 3 750 | 4 |
| **Жалпысы:** | | **30** | **30** | **250** | **7 500** | **0** | **0** | **0** | **7 500** | **3 750** | **4** |
| **Бардыгы:** | | **14 722** | **12 512** | **250** | **7754 600** | **2 210** | **125** | **1105 000** | **8859 600** | **4429 800** | **7 448** |

***2024-жылга карата мезгилдер боюнча жайыттардын жана мал жайылуучу участоктордун түшүмдүүлүгү жана сыйымдуулугу боюнча жыйынтыкталган таблица***

## 4.2. *Тоют балансы*

Жайыттардын тушумдуулугунө жана колго даярдалуучу тоюттардын көлөмунө жургузулгөн анализге ылайык (11 жана 12-таблица), Кара-Суу шаарына караштуу жайыт аз болгондуктан (малдын саны коп) жайыт тоюту жетишсиз. Даярдалуучу тоюттардын жетиштуу өлчөмдө камдалгандыгына карабастан айыл аймагында жалпысынан тоют болгону 50% ды тузот. Малды кыш мезгилинде тоют менен камсыздоо учун жетиштуу көлөмдө тоют даярдоо зарылдыгы бар. Кара-Суу шаарынын (мурдагы Сарай ААнын) ар бир тургунуна малды багууга жетиштуу өлчөмдөгу жер улушу бөлунуп берилгендиктен алар айдоо аянттарына тоюттук осумдукторду остуруусу жана малдын санына эмес, сапатына конул болуп, малдын асылдуулугун жакшыртуу керек.

**2028-жылга каратаар бир мезгилге жараша тоют балансы**

*12-таблица*

| Мезгилдер | Күндөр | Тоют ресурстары | Малдын тоютка болгон муктаждыгы | Колдо бар тоюттун көлөмү | Камсыздуулук +/- | Тоют камсыздуулугу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | D | E | F=D-E | G=E/D*100 |
| | | | (КЗ/тонна) | | | % |
| Жаз | 61 | Жайыт тоюттары | 3 028 | 270 | -2 758 | 9 |
| | | Даярдалуучу тоюттар | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | | **Жалпы** | **3 028** | **270** | **-2 758** | **9** |
| Жай | 92 | Жайыт тоюттары | 4 567 | 0 | -4 567 | 0 |
| | | Даярдалуучу тоюттар | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | | **Жалпы** | **4 567** | **0** | **-4 567** | **0** |
| Күз | 76 | Жайыт тоюттары | 3 772 | 270 | -3 502 | 7 |
| | | Даярдалуучу тоюттар | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | | **Жалпы** | **3 772** | **270** | **-3 502** | **7** |
| Кыш | 136 | Жайыт тоюттары | 0 | 19 | | |
| | | Даярдалуучу тоюттар | 6 751 | 8 544 | 1 793 | 127 |
| | | **Жалпы** | **6 751** | **8 563** | **1 812** | **127** |
| **Бардыгы:** | | | **18 117** | **9 103** | **-9 015** | **50** |

Кара-Суу шаарынын мал жаюу системасына 7 участок (Алай районундагы же мал жаюуну башкаруу зонасы (коктулар) кирет. Ар бир коктуда талаа жана шалбаа-талаа жерлери бар. Жайыттын түшүмдүүлүгү 1 чарчы жайыт жеринен "Чөп чабуу" ыкмасынын негизинде аныкталат. «Кыргызгипрозем» институтунан жазгы, жайкы, кузгу жана кышкы тоюттардынтүшүмдүүлүгү боюнча алынган маалыматтардын негизинде жайыттардын сыйымдуулугу иштелип чыкты. Жайытка жаюуга уруксат берилген ченемдер 60% түзөт, бирок Кара-Суу шаарынын ЖПБсы тарабынан жүргүзүлгөн анализде "жарымын алуу жана жарымын калтыруу" белгилүү стандарты колдонулду.

## 5. КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮН ЭСКЕ АЛУУ МЕНЕН ЖАЙЫТТАРДЫН АБАЛЫН БААЛОО ЖАНА АЙЛАНА-ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО, ЖПБ МУКТАЖДЫКТАРЫ

### *5.1.Климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен жайыттардын абалын баалоо анализи*

Акыркы 100 жылдын ичинде Кыргызстанда аба ырайынын өзгөрушу байкалып, температура 0,8 градуска жогорулаган. Бул болсо негизинен жайындасы жаан-чачындын салыштырмалуу аз болушуна, ал эми, кышындасы анын коломунун жогорулашына байланыштуу озгоргону байкалууда. Мындай корунуш республиканын аймагында жайыттардын тушумдуулугунун жана продуктуулугунун томондошуно алып келуудо.

Кара-Суу шаарынын жайыттарында 2023-жылы кургакчылык болду, жай мезгили жамгырсыз өтуп, аба ырайынын температурасы абдан жогорулады. Айрым жайыт жерлериндеги чөптөр куйуп кетти, кээ бир булактар соолуп калды, мунун баары малдын азыктуулугуна терс таасирин тийгизди. Натыйжада, мал жайыттан керектуу болгон тоютту ала албады жана мал чарба продукциясынын коломуно жана сапатына таасир этти.

Ал эми 2024-жылы жазында жамгыр көп жаап, жайыт өсумдуктөрунунун өсушунө шарт тузду, бирок ошону менен катар эле малды жайкы жайыттарга өз убагында айдап чыгуу туйшуктуу болду (аба ырайынын төмөн температурасына байланыштуу жайыттарда нөшөрлөп жааган жамгыр, сел жана жайыттагы ондолгон инфраструктура обьектилери, маселен, жолдордун бузулушуна алып келди ж.б.).

Мындай терс көрунуштөргө климаттын өзгөрушу да өз таасирин тийгизип келет. Жайыттарды пайдалануу планын иштеп чыгууда климаттын өзгөрушунө ыңгайлашуу чараларын Кыргызгидромет тарабынан иштелип чыккан орто жана кыска мөөнөттуу аба ырайынын божомолун пайдаланып, карап чыгуу зарыл.

Жайыт комитети тарабынан жайыттардын абалына буга чейин мезгил мезгили менен мониторинг жургузулуп келинди. ЖПБнын маалыматы боюнча жылдан жылга жайыттардын продуктуулугу томондоп баратат. Мунун себеби мурунку кургакчылык жылдарга жана малды ашыкча жаюуга байланыштуу. Мындай учурда климаттын өзгөрушунө ыңгайлашуу жолдорунун бири жайыттардын жугун 50% азайтуу болуп саналат. Жайыттардын сыйымдуулугун аныктоодо 2023-жылы ЖПБ тарабынан жургузулгон мониторинг жана баа беруунун жыйынтыктары, маалыматтары колдонулду. Мындан ары да Кара-Суу шаарына караган жайыт участокторунда жаз, жай, куз мезгилдеринде пландык мониторинг жургузууге ниеттенуудө. Жайыттарга мониторинг жургузуу жана баалоо планы 4-тиркемеде берилген ***(Кыргыз Республикасындагы жайыттардын абалын "Кайчылаш сызыктар" ыкмасы менен баалоо боюнча колдонмо).***

Мезгилдин ортосунда чөптун оттолушун көзөмөлдөө жана жайыттарды пайдалануу максаттарынын аткарылышына ишендируучун, чөптун оттоо деңгээлин аныктоо учун "Негизги өсумдуктөрдун ыкмасы" менен жургузуу сунушталат.Мониторингдин натыйжаларын сактап коюу зарыл.

**Жайыттарды пайдалануу планында климаттын өзгөрушунө ыңгайлашуу боюнча негизги чаралары томондогулор:**

- Жайыт пайдалануучуларга климаттын өзгөрүүсүнүн малдардын продуктивдүүлүгүнө жана жайыттарга тийгизген таасири жөнүндө маалыматтарды жеткирип, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.
- Жайыттарга мал жайуунун оркундотулгон натыйжалуу системаларынын тартибин кийируу;
- Малды жайытка жайууну жана климатка ынгайлашуу чараларын пландаштыруу учун жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жургузуу;
- Илимпоздордун сунуштамаларына ылайык, жайыт жугун 10%га азайтуу;
- Жайыттардын сыйымдуулугуна жараша малдарды жайытка жайуу планын иштеп чыгуу;
- Жайыттарды эс алдыруу жана жайыттарга мал жайуунун календарлык планынын аткарылышын козомолдоо;
- Жайыт инфраструктурасын жакшыртуу, ондоо же жаныдан куруу;
- Кышка карата жана кургакчылык болушунун алдын алып, малдын тоют запасын кенен даярдоо;
- Малдын асыл тукумдуулугун жакшыртуу;
- Алыскы жайыттарды кобуроок пайдалануу менен жайыт аянттарын кенейтуу.
- Мамлекеттик токой фондунун жайыттарын пайдалануу;
- Альтернативдуу ишкердикти онуктуруу (айыл чарба жана мал чарба продуктуларын кайра иштетуу ж.б.).

**Жогорудагы белгиленген иш чаралардын негизги максаты климаттын озгорушуно жергиликтуу коомчулуктун туруктуулугун жана мал чарбачылыгынын мумкунчулугун жогорулатуу болуп эсептелет.**

### 5.2. *ЖПБнын муктаждыктарын баалоо анализи*
### *Өнуктуруунун артыкчылык багыттары*

*14-таблица*

| № | Артыкчылык багыттары | Жайгашкан орду |
|---|---|---|
| 1 | Миялы участкасына мал суу ичуучу курулманы куруу | Миялы участкасы |
| 2 | Тоют даярдоо үчүн техника сатып алуу | ЖПБ учун |
| 3 | Жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүү жана баалоо | бардык жайыт участокторунда |
| 4 | Беш жыл ичинде жайыт жолдорун ондоп-туздоо иштерин жургузуу, калыбына келтирүү. | Жайыт жолдору |
| 5 | Жайыттарды жакшыртуу максатында көргөзмө участокторун уюштуруу | Кызыл-Кол участогу |
| 6 | Купка куруу | ЖПБ/ЖК үчүн |
| 9 | Жайыттардын абалын жакшыртуу максатында жергиликтуу тоюттардын уронун кобойтуу жана такырларган жерлерге себуу. | ЖПБ |
| 10 | Жайыттардын тоютун жакшыртуу учун бал ондуруучуларду жайыттарга тартуу | ЖПБ |

## 2024-2028-ЖЫЛДАРГА КАРАТА ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ЖАМААТТЫН ОРТО МӨӨНӨТТУУ ПЛАНЫ

Мындан ары Кара-Суу шаарынын жайыт аянттарын мезгил-мезгили менен дем алдыруу, жайыттарды колдонуунун графигин жакшыртуу, эгерде зарылчылык жаралса ал аянттарды агротехникалык жактан жакшыртуу пландаштырылууда. Бул иш-чараларды аткаруу үчүн негизги кадамдардын бири болуп биринчи жылы малдарды жайыттын сыйымдуулугуна ылайык

жайып эгерде мүмкүнчүлүк болсо көп кыйналган жайыттарга тыныгуусуна мүмкүнчүлүк түзүп берүү керек.

Жайыттарды которуштуруу планы Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн (ЖАМБЖны 3-тиркемеден толук тааныша аласыздар) жыйынтыктаранын негизинде жеңил деградацияга учураган участокторду узак мөөнөттүү же 50% эс алдыруу боюнча иш-чаралар төмөндөгү 15-таблицада көрсөтүлгөн.

5.3. ***2024– 2028-жалдарга карата жайыт которуу планы 15-таблица***

| Аталышы | Участоктордун аталышы | Жайыт аянты, га | Пайдалануу мезгили | Жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **2024** | **2025** | **2026** | **2027** | **2028** |
| **Присавай** | **Ачы** | 30 | Жаз. Кыш | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | 50% эс алдыруу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу |
| **Кызыл-Кол** | **Лаглан** | 1 106 | Жаз.жай, куз, кыш | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | 50% эс алдыруу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу |
| **Нижний Алчалы** | **Нижний алчалы** | 418 | Жаз,куз, кыш | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдала | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдала | 50% эс алдыруу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдала | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдала |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | нуу | нуу | | нуу | нуу |
| **Миялы** | **Миялы** | 1 089 | Жаз,куз, кыш | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу | 50% эс алдыруу |
| **Ийри суу** | **Ийрисуу** | 1 130 | Жай | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу | 50% эс алдыруу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу |
| **Кара-Киндик** | Кара-Киндик | 5380 | Жай | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу | 50% эс алдыруу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдаланнуу |

*Көп жылдык байкоолор далилдегендей, такыр болуп бараткан жерлер эгер жыл жакшы болуп, жаан-чачын көп, малдын саны аз болсо жыл өткөн сайын кайрадан калыбына келээри белгилүү. Ошондуктан жайытка малды эрте жана өтө эле көп жаюуга жол бербөө өтө зарыл.*

## 5.4. Беш жылдык иш-чаралардын планы жана бюджети

***Беш жылдык иш-чаралардын планы***

***16-таблица***

| | **Пландалган иш-чаралар** | **Жайгашкан орду** | **Мөөнөтү (башталышы жана аякталышы)** | **Эскертуу** |
|---|---|---|---|---|
| | ***Жайыттарды жакшыртуу*** | | | |
| 1 | Жайыттарды жакшыртуу максатында көргөзмө участокторун уюштуруу | Миялы участогу | 05.2025 – 11.2026 | |
| 2 | Жайыттардын абалын жакшыртуу максатында жергиликтуу тоюттардын уронун кобойтуу жана такырларган жерлерге себуу | Миялы участогу | 05.2025 – 11.2026 | |
| 3 | Жайыттардын тоютун жакшыртуу учун бал ондуруучулорду жайыттарга тартуу | Жакынкы жайыттарга | 2024-2028-ж.ж. | |
| 4 | Мал койлорду алыскы жайыттарга баруусун уюштуруу | Бардык жайыт участоктору | Жыл сайын. | |
| 5 | Жайыттарга мониторинг жана баалоо жургузуу | Бардык жайыт участоктору | Жыл сайын | |
| | ***Инфраструктураны жакшыртуу*** | | | |
| 6 | Мал суу ичүүчү жайларды ондоо (3 даана) | Бардык жайыттарда | Жыл сайын | |
| 7 | Жайыт жолдорду ондоо | Бардык жайыттарда | 2024-2028-ж.ж. | |
| 8 | ***Мал чарбачылыгын жакшыртуу*** | | | |
| | Купка куруу | ЖПБ үчүн | 2026-жыл | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9 | ***Маркетинг планы*** | | | |
| | Жунду кайра иштетуу учун цехтерди тузуу | ЖПБ учун | 2025-2028-ж.ж. | |

**5.5. *Кара-Суу шаарынын Агрардык чарба жургузуучу муниципалдык ишканасынын ЖПБнын беш жылга карата келечектуу пландын бюджети***

***17-таблица***

| № | Чакан долбоорлордун аталышы | Жайгашкан орду | Мөөнөтү (башталышы жана аякташы) | Каржы булактары, сом | | | Сумма, сом |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖПБ/ЖК | Кара-Суу Мэриясынын финансылык каржылоосу менен | башка (демөөчүлөр) Айыл окмоту | |
| 1 | Алчалуу жайытындагы селден бузулган мал суу ичуучу курулманы ондоо | Алчалуу жайытында | апрель-май 2024-жыл | 26000 | 0 | 0 | 26000 |
| 2 | 3500м узундуктагы жайыт жолдорун ондоо | Бардык жайыт участокторунда | Апрель-сентябрь | 0 | 350 000 | 0 | 350 000 |
| 3 | Кызыл-Кол, Нижний Алчалуу, Миялы жайытындагы мал суу ичуучу курулмаларды ондоо | Кызыл-Кол, Нижний Алчалуу, Миялы жайытында | июнь-сентябрь | 30 000 | 120 000 | 0 | 150 000 |
| 4 | Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жургузуу | Бардык жайыт участокторунда | Апрель-сентябрь 2024-2028-ж. | 100 000 | 0 | 0 | 10 000 |
| 5 | 3500м узундуктагы жайыт жолдорун ондоо | Бардык жайыт участокторунда | Апрель-сентябрь 2025-жыл | 60 000 | 350 000 | 0 | 410 000 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Кызыл-Кол, Нижний Алчалуу, Миялы жайытындагы мал суу ичуучу курулмаларды ондоо | Кызыл-Кол, Нижний Алчалуу, Миялы жайытында | июнь-сентябрь 2025-2026-ж.ж. | 80 000 | 600 000 | 0 | 680 000 |
| 7 | Такырданган, абалы начар жайыттарды жакшыртуу (Урон себуу, азыктандыруу) | Присавай, Миялы, Бел участокторунда | 2025-2028-жылдар | 70000 | 830000 | 0 | 900000 |
| | **Бардыгы:** | | | **156 000** | **470 000** | **0** | **2 526 000** |

## 7. КУТУЛУУЧУ НАТЫЙЖАЛАР

«2024-2028-жылдарга жайыттарды башкаруу жана пайдалануунун жамааттык Планын» иштеп чыгуунун максаттарына ылайык, Кара-Суу шаарынын жайыт пайдалануучуларынын 50 пайызы пайда корот.

**Жайыттарды башкаруунун жамааттык планынан кутулуучу натыйжа корсоткучтору томондогу таблицада келтирилди.**

| № | Натыйжалары (келтирген пайдасы) | Корсоткучтору | Маалымат булактары |
|---|---|---|---|
| 1 | Жайыттардын инфраструктурасынын жакшырышы | -Жайлоолорго жана алыскы жайыттарга баруу мумкунчулугу жакшырды. | • ЖПБнин Профайлы<br>• Мониторингдин натыйжалары |
| 2 | Жайыт абалынын жакшырышы | Жайыттардын продуктуулугу жогорулады Жайыт сыйымдуулугу осту. | • Жайыт абалына мониторингдин натыйжалары |
| 2 | Тоют базасын чыңдоо, жакшыртуу | -Малдын салмагы жана саап алынуучу суттун колому осту. | • Мониторингдин натыйжалары<br>• Аналитикалык маалыматтар |
| 3 | Малдын ден соолугун коргоо боюнча иш чаралардын сапатын жакшыртуу | -50% уй чарбаларында уй жаныбарларынын олуму азайды.<br>-Малдын ыландары 6%га азайды. | • Мониторингдин натыйжалары<br>• ЖВ, ПОЗЖ, райондук ветеринария станциясынан |
| 4 | Жайыт ресурстарын башкарууда калктын жакыр катмарынын катышуусунун денгээлин | -Жайыт ресурстарын башкарууда калктын жакыр катмарынан | • Мониторингдин натыйжалары<br>• ЖПБнин иш чараларынын протоколдору |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жогорулатуу | 10 % (жаштардын, аялдардын) катышуусуна жетишилет. | |
| 5 | Калктын жашоо денгээлинин жакшырышы-кирешенин осушу. | -Жайыт пайдалануучу<br><br>уй булолордун кирешеси долбоор башталганга чейинкиге салыштырмалуу жогорулады. | • Мониторингдин натыйжалары<br>• Социалдык-экономикалык корсоткучтору |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (СЕГИЗИНЧИ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКСИЗ XXIX СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О МУ

22-август 2024 – жыл № 29/4 Кара-Суу шаары

**“Кара-Суу шаарындагы Манас стадионун реконструкциялоо жөнүндө”**

Кара-Суу шаар мэриясынын 2024-жылдын 20-августундагы 01-13/1722 сандуу катын угуп жана талкуулап шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

**1.** Кара-Суу шаарындагы Манас стадионун реконструкциялоого каражат карап берүү жагы Ош облустук өнүктүрүү фондуна жана Кара-Суу райондук өнуктүрүү фондуна сунуш кылынсын.

2. Облустук жана райондук өнүктүрүү фондуна долбоорун жана тиешелүү документтерди даярдап тапшыруу жагы Кара-Суу шаар мэриясына жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо жана экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **З.К.Эшмаматов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (СЕГИЗИНЧИ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКСИЗ XXIX СЕССИЯСЫНЫН
**Т О К Т О МУ**

22-август 2024 – жыл № 29/5 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарынын № 1 кварталынын Центральный көчөсүнүн атын өзгөртүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө» Мыйзамынын жана Кара-Суу шаарынын № 1 кварталынын Центральный көчөсүнүн жашоочуларынын арызынын негизинде Кара-Суу шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаарынын №1 кварталынын Центральный көчөсүнүн атын шаарга көп жылдык үзүрлүү эмгеги сиңген **“Шеров Абыхай”** көчөсү деп өзгөртүүгө мыйзам чегинде уруксат берилсин:

2. **“Шеров Абыхай”** көчөсүн таза кармоо, көрктөндүрүү, жашылдандыруу, жакшы абалда кароо жана аты өзгөрүлгөндүгүнө байланыштуу келип чыккан чыгымдарды көтөрүү жагы үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнө милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу Кара-Суу шаар мэриясына, көзөмөлдөө Кара-Суу шаардык кеңешинин мыйзамдуулук, укук, мандат, тартипти чыңдоо, кеңештин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **З.К.Эшмаматов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (СЕГИЗИНЧИ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКСИЗ XXVIII СЕССИЯСЫНЫН
**Т О К Т О МУ**

22-август 2024 – жыл № 29/6 Кара-Суу шаары

**“Бакыт-Нуру муниципалдык мектепке чейинки билим берүү мекемесинин С.Мамашев көчөсүндө филиалын ачууга макулдук берүү жөнүндө”**

Бакыт-Нуру муниципалдык мектепке чейинки билим берүү мекемесинин С.Мамашев көчөсүндөгү филиалын ачууга макулдук берүү жөнүндө сунушун карап чыгып жана талкуулап шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаарындагы С.Мамашев №1 дарегинде Бакыт-Нуру муниципалдык мектепке чейинки билим берүү мекемесинин филиалын ачууга макулдук берилсин.

2. С.Мамашев №1 дарегинде жайгашкан муниципалдык менчик имаратындагы Бакыт-Нуру муниципалдык мектепке чейинки билим берүү мекемесинин филиалындагы ачылып жаткан 3 тайпанын штаттык бирдигин республикалык бюджеттен каржылоо маселеси Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнөн суралсын.

3. Бул токтомду аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кеңешинин социалдык маданий маселелер, маалымдуулук жаштар жана аялдар саясаты, спорт, илим, билим, саламаттыкты сактоо боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык кеңешинин төрагасы** **З.К.Эшмаматов**